**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**
**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**
**ТАМГА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТАМГИНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

Эл депутаттарынын Тамга айылдык Кеңешинин XXVIII
чакырылышынын XI сессиясы

ТОКТОМ

2022-жылдын 11-марттагы № 13 Тамга айылы

**Тосор айылынын тургуну Чекиров Азарбек Жумадыловичтин арызын кароо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 74-статьясынын 2-пунктунун негизинде, 68-статьясынын 1-пунктунун негизинде Тосор айылынын жалпы калкынын таза суу маселесин чечүү максатында, Тамга айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 74-статьясынын 2-пунктунун негизинде, 68-статьясынын 1-пунктунун негизинде Тосор айылынын жалпы калкынын таза суу маселесин чечүү максатында, Тосор айылынын тургуну Чекиров Азарбек Жумадыловичтин №26, №27-контурлардагы «айыл чарба» багытындагы өздөштүргөн жеринен 0,20 га жер аянты «Мамлекеттик фондудагы жерлер» эсебине алынып, «Таза суу бургулап чыгаруу» (скважина) үчүн бөлүнүп берилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 74-статьясынын 2-пунктунун негизинде, «Таза-Суу» долбоору боюнча «Таза суу бургулап чыгаруучу жай» (скважина) үчүн бөлүнүп берилген «айыл чарба багытындагы» 0,20 га жер аянтын «Өнөр жай, коммуникация» багытына өзгөртүп берүү жагы Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынан суралсын.

3. Тосор айылынын тургуну Чекиров Азарбек Жумадыловичтин арызынын негизинде «Таза-Суу» үчүн бөлүнүп берилип жаткан 0,20 га «Айыл чарба – көп жылдык мөмө жемиш багынын» ордуна Тамга айыл өкмөтүнүн жер пайдалануу картасынын №116-контурунан 1,0 га «токой багытындагы» жер тилкеси бөлүнүп берилсин.

4. Бөлүнүп берилген жерге тиешелүү иш кагаздарын даярдоо, «Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Жети-Өгүз райондук филиалынан каттоодон өткөрүү жагы Тамга айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын айылдык кеңештин жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

Төрагасы: А.Букаров